# МЕН КАРМАГАН БИРИНЧИ БАЛЫК



Автор: Ирина Молчанова

Сүрөтчү: Сайкал Картанбаева

Которгон жана адаптациялаган: Абдыкерим Муратов

# МЕН КАРМАГАН БИРИНЧИ БАЛЫК

Автор: Ирина Молчанова
Сүрөтчү: Сайкал Картанбаева
Которгон жана адаптациялаган: Абдыкерим Муратов

Кыргыз тилинде
Бишкек-2022

Copyright © 2022, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Мен кармаган биринчи балык" (кыргыз тилинде), автор Ирина Молчанова, сүрөтчү Сайкал Картанбаева, Абдыкерим Муратов тарабынан которулуп адаптацияланган.

*Моя первая рыбалка*, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Атам – аябай берилген балыкчы. Кичинекей кезимден эле балыкка барууну кыялданчумун. «Сен чоңойгондо, атаң, сөзсүз, балыкка алып барат”, – деп апам мени жоошутуп койчу.

Балык улоого барарда, атама даярданууга жардам берчүмүн. Биз кайырмакты даярдап, балыктар үчүн курттарды таап, чогуу жем бышырчубуз. Кечинде баарын даярдап, таң эрте, күн чыга электе, атам балыкка кетип, кечинде аябай кеч келет.




Анын келишин ар дайым чыдамсыздык менен күтөм. Алып келген балык салынган торун ачып, бул жолу кандай балыктар түшкөнүн бирге карайбыз. Көп учурда, атам арбын балык кармап келер эле. Балыктарды кууруп, шорпо жасап, кошуналарга да берчүбүз.



Атам кармап келген балыктардын салмагын тартып да көрчүбүз. Бир жолу салмагы 5 килограммга жеткен балык кармап келгени эсимде.

Кээде атам бир да балык кармабай, кур келчү. «Бүгүн жолум болгон жок», – дечү атам.



– Ата, мен да сиз менен балык кармаганга барсам болобу? Балык улоого аябай кызыгам. Мен чоңоюп эле калдым го? – деп курт казганы барганда, атамдан сурандым.

– Макул, бирок таң ата электе турушуң керек, – деди атам.


Аябай сүйүнүп, эрте турам деп убада бердим.

Бул жолу балык кармоого буюмдарды даярдадык. Атам мага да кайырмак алды. Апам тамак-аш бышырып, даярдап берди. Эрте жаттык. Бирок менин таптакыр уйкум келбей койду. Эртең жок дегенде, бир балык кармай аламынбы деп ойлонуп жатып, уктап кеттим. Бир убакта өзүм эле ойгонуп, тура калдым, атам мени албай, өзү эле балыкка кетип калган экен деп ойлодум. Ыргып туруп, атамдын бөлмөсүнө чуркап барсам, уктап жатыптыр.

– Уктап калган жокпузбу? – деп атамды ойготтум.

– Кечиккен жокпуз, даярданалы, – деди атам.

Биз тез эле жолго чыгып, көлмөгө бат эле барып калдык. Көлмө биздин шаардан анчалык алыс эмес экен.



Көлмөнүн айланасы ушунчалык кооз! Мен биринчи жолу таң аткандагы күндүн чыгышын көрдүм. Көлмөдө бакалардын чардаганы менен чегирткелердин чырылдаганы гана угулат. Атам мага кайырмакка куртту илгенди үйрөттү. Кайырмактарды суута таштап, чыдамсыздык менен балыктын илинишин күтүп отурдук. Суунун бети мелтиреп тынч, тегиз, үстүндө калкыган сары гүлдөр гана көрүнөт. Кайырмакты кыймылдабай карап отурдум, ал болсо былк этпейт.

– Түштү! Түштү! – деп атам тура калып, кайырмагын тартты. Суудан кичинекей сазан балыгын алып чыкты. Атам аны кайырмактан чыгарып, суу куюлган чакага салып койду. Атам балыктарды биринин артынан бирин кармай берди, мага болсо бир-эки эле кичинекей балыктар түштү.





Атамдын чакасы толуп калды. Менин чакамдын түбүндө бир-эки гана балык сүзүп жүрөт. Балыкка келбей эле койсом болмок экен деп ойлоп капаландым. Бир убакта кайырмагым катуу булкту, сууга ыргып кете жаздадым. Кайырмакты тарттып көрдүм, бирок күчүм жетпей койду. Атам жардамга келди. Экөөлөп тарттык, чоң балык экен. Араң тартып чыгарып, күч менен кармап турдук. Кармалган балыкты чакага салсакэле, чакам толуп калды.

«Мына, сенин кармаган биринчи балыгың!» – деп атам сүйүндү. Мен ушундай чоң балык кармаймын деп ойлогон эмес элем да.

Атам сумкасынан таразаны алып, ким канча килограмм балык кармады экен деп аныктамак болду.

Атамдын чакасында 400 граммдан 3 балык, 500 граммдан 4 балык, 300 граммдан 4 балык бар экен. Менин чакамда 400 граммдан 2 балык, 600 граммдан 2 балык, эң чоң балык болсо 3 килограмм болду.

Мен кошуп, көбөйтүп, бөлүп эсептеп койдум.

Жыйынтык мындай болду. Атам 11 балык кармаптыр, алардын жалпы салмагы – 4 килограмм 400 грамм. Мен 5 балык кармадым, жалпы салмагы – 5 килограмм чыкты. Менин балыктарым атамдыкынан 600 граммга көп экен. Биринчи жолу балык улоом ийгиликтүү болду!

Бул учурда, менден бактылуу адам жоктой сезилди!



АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Ирина Молчанова
Сүрөтчү: Сайкал Картанбаева
Которгон жана адаптациялаган:
Абдыкерим Муратов

USAID "Окуу керемет!"
долбоору Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли